**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Клара Сыргакбековна Сооронкулова, Рита Рахмановна Карасартова, Нарынбек Айыпович Идинов жана башкалардын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү жандандыруу жөнүндө

**АНЫКТАМАСЫ**

2017-жылдын 23-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э. Т. Мамыров, судьялар: К. Абдиев, Ч. А. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, М. Ш. Касымалиев, К. М. Киргизбаев, А. О. Нарынбекова, Э. Ж. Осконбаев, Ч. О. Осмонова, Ж. И. Саалаевдин курамында, сот жыйналышынын катчысы С. А. Джолгокпаеванын катышуусу менен, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 40-беренесин жетекчиликке алып, Клара Сыргакбековна Сооронкулова, Рита

Рахмановна Карасартова, Нарынбек Айыпович Идинов жана башкалардын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү жандандыруу жөнүндө маселени ачык соттук отурумда карап чыгып,

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2017-жылдын 21-июнундагы токтому менен өтүнүчкө кол койгон башка жарандардын көз карашын аныктаганга чейин К.С.Сооронкулова, Р.Р.Карасартова, Н.А.Идинов жана башкалардын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш токтото турулду.

Судья-баяндамачынын аныктамасы менен «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө, 16-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө, 31-берененин 3-бөлүгүнө, 60 жана 104-беренелерине карама-каршы келет деп тануу жөнүндө өтүнүчкө кол койгон жана кайрылуучу тараптын ыйгарым укуктарына ээ болгон арызданууучулар такталды, ошентип, иш боюнча өндүрүштү токтото турууга негиз болгон тоскоолдук чететтилди.

Жогоруда баяндалгандын негизинде жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык

Мыйзамдын 40, 46, 47, 48, 51-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Клара Сыргакбековна Сооронкулова, Рита Рахмановна Карасартова, Нарынбек Айыпович Идинов жана башкалардын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш жандандырылсын.

2. Ишти соттук отурумда кароо Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Бишкек шаарынын Эркиндик проспекти, 39 дареги боюнча жайгашкан имаратында саат 9.30да 2017-жылдын 7-июлуна дайындалсын.

3. Тараптар ишти кароонун жери жана убактысы тууралуу кулактандырылсын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**